***<u>Баткен облустук  статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-июнь*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

**Баткен-2023**

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы**

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Абдиева Ш.К.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2023-жылдын январь-июнь айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2023-жылдын 13-июлу.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# М А З М У Н У


| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр……………………** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор……………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор……………………………………………………….** | 6 |
| | Өнөр жайы……………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым…………………………………………………... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш………………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу……………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу……………………………………………………... | 9 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 10 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 11 |
| **V** | **Мамлекеттик сектор….………………………………………………** | 12 |
| | Финансы………………………………………………………………. | 12 |
| **VI** | **Социалдык сектор……………………………………………………..** | 13 |
| | Калктын оорулары........................................................................... | 13 |
| | Укук бузуулар.................................................................................. | 13 |
| | **Тиркеме………………………………………………………………** | 14 |

# ОБЛУСТУН 2023- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ИЮНЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облустубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2023-жылдын январь-июнь айларында 2520342,7 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 130,3 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, анчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2023-жылдын январь-июнь айларында 7996,5 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 102,8 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 1366371,7 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 164,4 пайызды түздү.

2023-жылдын январь-июнь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 49603,0 чарчы метр болгон 439 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-июнь айларынын денгээлине салыштырмалуу 153,5 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 837392,2 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 658,4 миң тонна жүк ташылып, 2023-жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 101,7 пайызга барабар болду. Жүргунчүлөрдү ташуунун көлөмү 104947,6 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 101,6 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2023-жылдын январь-июнь айларында 12108285,9 миң сомду түзүп, 2022-жылдын январь-июнь айынын денгээлинен 9,6 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2023-жылдын январь-июнь айларында 10356557,7 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2022-жылдын январь-июнь айларынын деңгээлинен 2,4 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-июнь айларында 1751728,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,5 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-июнь айларын 2022-жылдын январь-июнь айларына салыштырганда 113,5 пайызды, ал эми ушул жылдын июнь айын 2022-жылдын декабрь айына салыштырганда 105,8 пайызды түздү.

Облус боюнча 2023-жылдын май айында бир айлык орточо эмгек акы 26537,7 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 21,2 пайызга, 2023-жылдын январь-май айында бир айлык орточо эмгек акы 25185,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 42,6 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-июнь айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериалуу минингит, ичегинин өткүр инфекциясы, вирустуу гепатит А түрү, бруцеллез, инфекциялык ВИЧ, кургак учук жана респиративдүү оорууларынын өскөндүгү байкалат Ал эми эпидемиялык паротит, жаныбарлардын тиштеп алуусу, эхинококкоз, аскаридоз, гонорея, котур оорууларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

Калктын негизги социалдык-демографиялык топторунун жашоо минимуму 2023-жылдын II кварталында облустун бардык калкы үчүн 7482,61 сомду түздү, ал эми эмгекке жөндөмдүү курактагы калк үчүн 8287,31 сомду, пенсия курагындагы калк үчүн 6592,57 сомду, балдарга 6492,79 сомду түздү.

# II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2023 ж. январь-июнь айларында | 2023ж июнь айы 2022ж июнь айына карата пайыз менен | 2023-жылдын январь-июнь айлары 2022-жылдын январь-июнь айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 2520342,7 | 117,5 | 130,3 |
| Айыл чарба, анчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 7996,5 | 117,5 | 102,8 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 1366371,7 | 225,8 | 164,4 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 49603,0 | 236,7 | 153,5 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 658,4 | 101,2 | 101,7 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 104947,6 | 101,5 | 101,6 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 12108285,9 | 116,0 | 109,6 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 10356557,7 | 117,1 | 102,4 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 1751728,2 | 109,7 | 103,5 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 25185,1 [1)] | 121,2[2)] | 142,6[3)] |
| Минималдуу керектөө бюджети (орточо эсеп менен калктын киши башына) сом менен, 2023-жылдын II кварталы | 7482,61 | - | 105,7 |

[1)] 2023ж. январь-май
[2)] 2023ж. май
[3)] 2023ж. январь-май

# III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

Баткен облусунда ээлик кылуучу субьектилердин саны 2023-жылдын 1-июлуна карата 81165 бирдикти түздү, анын ичинен 6,7 пайызы юридикалык жактар, 40,4 пайызы дыйкан (фермер) чарбалары, 52,7 пайызы жеке ишкерлер, 0,2 пайызы филиалдар жана өкүлчүлүктөр.

| | Бардык катталгандары | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Бирдик | Жыйынтыкка карата пайыз менен | Ээлик кылуучу субъектилердин ичинен юридикалык жактар | Жыйынтыкка карата пайыз менен |
| **Баткен областы** | **81165** | **100** | **5556** | **100** |
| Баткен району | 11652 | 14,3 | 709 | 12,8 |
| Лейлек району | 32545 | 40,2 | 1379 | 24,9 |
| Кадамжай району | 16119 | 19,9 | 1632 | 29,3 |
| Баткен шаары | 6690 | 8,2 | 764 | 13,8 |
| Кызыл-Кыя шаары | 11095 | 13,7 | 717 | 12.9 |
| Сүлүктү шаары | 2964 | 3,7 | 355 | 6,3 |

Катталган юридикалык жактардын саны 2023-жылдын 1-июлуна карата 5556 субьектини түзүп, 2022-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 13,5 пайызга өстү.

Катталган юридикалык жактардын жалпы санынын ичинен 15,8 пайызы мамлекеттик, 8,0 пайызы муниципиалдык, 76,2 пайызы өздүк менчикке таандык.

Баткен облусунун аймагында 2023-жылдын 1-июлуна карата жеке ишкерлердин саны 42886, дыйкан (фермер) чарбаларынын саны 32859 бирдикти түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,0 жана 0,9 пайызга өстү.

**Өнөр жайы.** Облус боюнча 2023-жылдын январь-июнь айларында 2520342,7 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 130,3 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 1024627,5 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 37,2 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 929827,6 миң сомду же 33,8 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 499862,7 миң сомду же 26,6 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 66024,9 миң сомду же 2,4 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-июнь айларында 929827,6 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 126,2 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 425074,8 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 128,2 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Лейлек району 12396,0 тоннага, Сүлүктү шаары 8200,7 тоннага, Баткен району 649,0 тоннага, Кадамжай району 69966,0 тоннага көп казып алган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 1024627,5 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 134,9 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 385989,8 миң сомду (көлөмдүн 37,7 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 241721,5 миң сомду (көлөмдүн 23,6 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 14410,6 миң сомду (көлөмдүн 1,4 пайызын), химия өндүрүшү 135,4 миң сомду (көлөмдүн 0,1 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 20358,8 миң сомду (көлөмдүн 19,8 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 127209,9 миң сомду (12,4 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 118997,4 миң сомду (11,6 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында өткөн жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 109,3 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 112,4 пайызга, жаны бышкан нан 106,0 пайызга,тазартылган күрүч 102,4 пайызга, кондитердик азыктар 117,4 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 140,8 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 125,4 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 101,4 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 102,4 пайызга, бут кийим 101,0 пайызга, аялдардын тигилүү кийимдери 12,5 эсеге, эт азыктары 141,7 пайызга, сымап өндүрү 175,6 пайызга, балмуздак 151,7 пайызга, иштетилген сүт азыктары 102,0 пайызга, иштетилбеген мунайзат 111,1 пайызга, таш көмүр өндүрүү 128,2 пайызга, бышырылган керамика кирпичи 100,7 пайызга, бышырылбаган кермика кирпичи 3,8 эсеге, килемдер 87,8 пайызга болгон. Ал эми эркектердин тигилүү кийими 105,6 пайызга коп өндүрүлдү.

*2023-жылдын январь-июнь айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 241721,5 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-июнь айларындагы денгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 2,5 эсеге өскөн.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-июнь айларында 127209,9 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-июнь айларына салыштырганда 108,4 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-июнь* айларында 499862,7 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 118,1 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 66024,9 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 114,3 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.*** 2023-жылдын январь-июнь айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 7996,5 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 102,8 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 11255,1 тонна эт, 44123,2 тонна сүт, 7934,9 миң даана жумуртка, 600,8 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 5,9, сүт өндүрүү 17,2, жумуртка өндүрүү 12,3, жүн өндүрүү 11,0 пайызга төмөндөгөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүүдө  Баткен шаарында 1,4, Кызыл-Кыя шаарында 0,3, пайызга өсүү болду.  Ал эми Баткен районунда 14,2, Лейлек районунда 8,9 пайызга азайган.   Кадамжай районунда жана Сүлүктү шаарында  өткөн  жылдын  деңгээлинде  калган. Сүт өндүрүү  Кадамжай районунда 0,6, Баткен шаарында 0,7,  Кызыл-Кыя шаарында 0,2 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен районунда 17,2, Лейлек районунда 7,4, Сүлүктү шаарында 2,0 пайызга аз өндүрүлгөн.  Жумуртканы Кадамжай району 0,1, Баткен шаары 0,7, Сүлүктү шаары 0,5 пайызга  көп өндүргөн.  Ал эми Баткен району 41,5, Лейлек району 15,8,  Кызыл-Кыя шаары 4,1, пайызга аз өндүргөн. Жүн өндүрүү Баткен шаарында  10,5 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 17,0  пайызга, Кадамжай районуда 1,6 пайызга, Лейлек районуда 18,8 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 5,3 пайызга, Сүлүктү  шаарында 19,8 пайызга төмөндөгөн.

Облус боюнча 2023-жылдын 1-июлуна карата 10153,8 тонна жашылча өндүрүлгөн, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 72,7 пайызга көп өндүрүлгөн. Лейлек районунда 122,5, Кадамжай районунда 24,0, Кызыл-Кыя шаарында 1,1 пайызга  көп өндүрүлгөн. Ал эми Баткен районунда 91,4 пайызга, Баткен шаарында 75,0 пайызга аз өндүрүлгөн.

Мөмө-жемиштер 11621,9 тонна өндүрүлүп, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 65,7 пайызга көп өндүрүлгөн. Лейлек районунда 15 эсеге, Баткен районунда 47,4, Кызыл-Кыя шаарында 40,0, Кадамжай районунда 11,7 пайызга  көп, ал эми Баткен шаарында 12,1 пайызга аз өндүрүлгөн.

**<u>Капиталдык салым.</u>** 2023-жылдын январь-июнь айларында 1366371,7 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2022-жылдын ушул мезгилине карата  салыштырмалуу баада 64,4 пайызга өстү. Капиталдык салымдар  Кадамжай районунда 3 эсеге, Лейлек районунда 2,1 эсеге, Баткен шаарында 96,7, пайызга. Кызыл-Кыя шаарында 87,4 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 34,9 пайызга, Сүлүктү шаарында 24,7 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын калктын каражаттары түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 92,9 пайызы подряддык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**<u>Турак жай.</u>** 2023-жылдын январь-июнь айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 49603,0  чарчы метр болгон 439 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 153,5 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 837392,2 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**<u>Транспорт жана байланыш.</u>** 2023-жылдын январь-июнь айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 658,4 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 101,7 пайызды түздү.

2023-жылдын январь-июнь айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 4881,9 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 104947,6 миң жүргүнчү-км түздү (2022-жылдын январь – июнь айларына  салыштырмалуу 101,6 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2023-жылдын январь-июнь айларында  бардыгы жеке жактардын транспорту менен  жүргүзүлгөн.

***<u>Тейлөө рыногу.</u>*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2023-жылдын январь-июнь айларында

12108285,9 миң сомду түзүп, 2022-жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 9,6 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 11726120,5 миң сом болуп 10,2 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 9622861,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,4 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 5045757,1 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,8 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 52,4 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-июнь айларында 20380,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,3 пайызга өскөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-июнь айларында 4151946,9 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 21,5 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-июнь айларында 10356557,7 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,4 пайызга өскөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнь айларында 1751728,2 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 3,5 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)



**Эмгек рыногу жана эмгек акы.** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2023-жылдын 1-июлуна карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 17572 адамды түздү, анын ичинен 13733 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 2 адам жумушсуздук боюнча пособия алды, Июнь айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 47 адам, Коомдук жумуштарга тартылгандар 301 адамды түздү.

Облус боюнча 2023-жылдын май айында бир айлык орточо эмгек акы 26537,7сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 21,2 пайызга өскөн, 2023-жылдын январь-май айларында бир айлык орточо эмгек акы 25185,1 сом өлчөмүндө калыптанып, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 42,6 пайызга өскөн.

Эмгек акы май айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу айыл чарба жана токой чарбасы, балыкчылык тармагында, тоокен казуу, өнөр жай, кайра иштетүү, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, курулуш, Соода: автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды ондоо, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, информация жана байланыш, финансалык ортомчулук, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү, илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, административдик жана көмөкчү чарба, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо, социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий көңүл ачуу жана дем алуу, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо тармактары боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2023-жылдын май айында 303,46 долларды түздү.

2023-жылдын 1-июнуна карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 2997,3 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 82,4 пайызга төмөндөгөн. Эмгек акыны төлөө карызынын 100 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)




**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-май айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 122,7 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 118,3 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 127,8 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2023-жылдын июнь айында өткөн жылдын июнь айына салыштырмалуу 109,3 пайызды түздү. Ал эми 2023-жылдын январь-июнь айлары өткөн жылдын январь-июнь айларына салыштырмалуу 110,2 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-июнь айларында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 113,5 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын июнь айын 2022-жылдын декабрь айына салыштырганда 105,8 пайызды түздү.

Ушул жылдын июнь айында өткөн айга салыштырмалуу күн карама майы 1,7 пайызга кымбаттаган. Ал эми жогорку сорттогу ун 1,0 пайызга, биринчи сорттогу ун 2,0 пайызга, жумуртка 0,7 макарон азыктары 0,5 пайызга төмөндөгөн. Нан, уйдун эти, койдун эти өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 99,8 | 100,0 | 101,1 | 100,0 | 100,0 | 102,1 | 107,9 | 100,9 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 105,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,5 | 98,9 |
| март | 100,7 | 100,0 | 100,0 | 105,4 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,4 | 102,9 |
| апрель | 101,7 | 100,0 | 100,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 95,0 | 94,9 |
| май | 98,3 | 97,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,7 | 100,6 | 97,7 | 96,8 |
| июнь | 99,0 | 98,0 | 100,0 | 99,5 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,3 | 101,7 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу картошка 6,5 пайызга, сабиз 4,3 пайызга, алма 29,7 пайызга кымбаттаган. Ал эми пияз 19,3 пайызга, кургатылган өрүк 11,0 пайызга төмөндөгөн, грек жаңгагы өз ордунда калган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 134,8 | 108,3 | 102,7 | 100,0 | 95,2 | 100,0 |
| февраль | 127,7 | 111,1 | 102,2 | 96,7 | 104,7 | 100,0 |
| март | 85,5 | 100,0 | 100,0 | 64,7 | 100,0 | 100,0 |
| апрель | 112,2 | 101,3 | 100,8 | 85,9 | 100,0 | 96,8 |
| май | 100,1 | 115,4 | 117,0 | 155,9 | 98,3 | 100,0 |
| июнь | 80,7 | 106,5 | 104,3 | 129,7 | 89,0 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын июнь айында өткөн май айына салыштырмалуу катуу отун 23,2 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалдар 2,2 пайызга, бензин 2,8 пайызга, азык-түлүк эмес товарлар 2,1 пайызга кымбаттаган. Ал эми кийимдер 1,0 пайызга, бут кийимдер 0,1 пайызга, турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар 0,2 пайызга төмөндөгөп, калган товарлар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2023ж. июнь 2022ж. декабрына карата | 2023ж. январь-июнь 2022ж январь-июнуна карата | 2023ж. июнь 2023ж. майына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 100,3 | 111,8 | 99,0 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 100,5 | 118,9 | 100,0 |
| Бут кийим | 99,3 | 110,1 | 99,9 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 105,9 | 114,0 | 99,8 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 108,2 | 100,0 |
| Катуу отун | 119,2 | 129,7 | 123,2 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 95,5 | 96,1 | 102,2 |
| Бензин | 95,8 | 93,3 | 102,8 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 109,2 | 121,4 | 100,0 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 102,5 | 108,8 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 109,7 | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 106,0 | 113,2 | 102,1 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын июнь айында жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 3,2 пайызга, мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү 1,5 пайызга өскөн. Ал эми калган тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**

(пайыз менен)

| | 2023ж. июнь 2022ж. декабрына карата | 2023ж. январь-июнь 2022ж. январь-июнуна карата | 2023ж. июнь 2023ж. майына карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 104,9 | 107,3 | 103,2 |
| Байланыш тейлөөсү | 104,9 | 101,6 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 100,0 | 113,5 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 100,0 | 101,3 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 107,3 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 105,8 | 116,6 | 101,5 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 118,7 | 110,8 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**Финансы.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-май айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 699,1 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 127,5 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 944,7 млн. сомду түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 40,1 пайызга, ал эми чыгашалар 64,7 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2023-жылдын январь-май айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2023-жылдын январь-май айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 399,7 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 24,2 пайызга өскөн. Киреше жана пайда салыгы 23,3 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 29,2 пайызга, патенттин негизиндеги салык 22,4 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 29,0 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 34,3 пайызга, жер салыгы 26,2 пайызга, жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 39,4 пайызга өскөн. Ал эми соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2022-жылдын январь-май айларында жалпы кирешенин 13,3 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2023-жылдын январь-май айларында 8,6 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана проценттерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 73,6 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 31,1 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 41,7 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2023-жылдын январь-май айларында 359,6 млн. сомду түзүп, 2022-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 50,0 пайызга өскөн. Чыгашалардын 67,7 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого, 9,5 пайызы эс алуу, маданият жана дин, билим берүү жана социалдык коргоого тармагына жана 22,1 пайызы турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө жумшалды.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**Калктын ооруулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2023-жылдын январь-июнь айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериалуу минингит оорусу менен 5 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу беш эсеге, ичегинин өткүр инфекциясы менен 697 оорулуу катталып 16,2 пайызга өскөн. Ал эми бактериялуу дизентерия менен 22 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине барабар.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 287 оорулуу адам катталган, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 269 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,2 эсеге өскөн, ал эми эпидемиялык паротит менен 17 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 15,0 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөндөгөнү байкалат* бруцеллез ооруусу менен 29 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,5 пайызга өскөн. Ал эми жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 390 учур, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,5 пайызга, аскаридоз менен 496 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 12,4 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 7 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 63,2 пайызга төмөндөгөн.

*Паразитардык оорулардан* сифилис оорусу менен 1 учур катталган. ВИЧ инфекциясы менен 15 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 36,4 пайызга өскөн. Ал эми котур оорусу менен 34 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 55,3 пайызга, гонорея ооруусу менен ооругандар 3 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 40,0 пайызга төмөндөгөн. Педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 11061 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 26,3 пайызга өскөн жана кургак учук менен ооруган 133 адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 10,8 пайызга өскөн.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2023-жылдын январь-май айларында облус боюнча 556 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 13,7 пайызга же 88 кылмышка төмөндөгөн. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; адам өлтүрүү жана өлтүрүүгө аракет жасоо 1, зэнбаштык 25, уурулук 161, алдамчылык 122, бангизаттарга байланыштуу 17, кызматтык кылмыштар 25, экономика тармагында 22 кылмыш, 8 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2023-жылдын январь-май айларында 459 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине карата 23 адамга азайган.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар-62, мектеп окуучулары 37, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 9, эч жерде иштебеген жана окубагандар 298 түзөт. Иштегендер, кызматкерлер катталган жок.

***Облстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | беги |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….......................……................... | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……..............................................…….............. | 16 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ……………………………. | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү………………………………………. | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..…………………………......... | 18 |
| 7 | Аймактар боюнча түшүм жыйноонун жүрүшү ............................................................................................. | 19 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 20 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү…………………………………………….. | 20 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы…………………………………… | 22 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү................................. | 22 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча……………………………………………………. | 22 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши................................................................................. | 23 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү……………………………………………………. | 24 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 24 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү………………………………………………………….. | 25 |
| | Керектөө рыногу | |
| 17 | Соодаанын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............………........ | 25 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү…………………………………………………… | 26 |
| 19 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 26 |
| 20 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү…. | 27 |
| 21 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү………………………………………………….. | 27 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 22 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары май......... | 28 |
| 23 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары май.................. | 29 |
| 24 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-май....... | 29 |
| 25 | Калкты иш менен камсыз кылуу…………………………………………………………………………….. | 30 |
| 26 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны.............................................................................................. | 30 |
| 27 | Жаңы жумуш орундарын түзүү.......................................................................................................................... | 30 |
| | Финансы | |
| 28 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………..... | 31 |
| 29 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 31 |
| 30 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………........ | 32 |
| 31 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………....... | 32 |
| | Социалдык сектор | |
| 32 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………………… | 33 |
| 33 | Катталган кылмыштар саны……………………………………………………………………………….. | 33 |
| 34 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………. | 34 |
| 35 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………………………. | 34 |

## Реалдык сектор

**Таблица 1.** Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-июнь айларында

( миң сом)

| | 2022 | 2023 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **2140342,2** | **2520342,7** | **130,3** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **769397,7** | **929827,6** | **126,2** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көн өндүрүү | 526929,6 | 716638,7 | 128,2 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 236984,8 | 167797,0 | 111,1 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 5483,3 | 45391,9 | 166,9 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **723689,4** | **1024627,5** | **134,4** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктер менен тамеки кошо | 333595,5 | 385989,8 | 109,3 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 332294,6 | 385349,8 | 113,1 |
| -тамеки өндүрүү | 1300,9 | 640,0 | 49,1 |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 115832,5 | 241721,5 | 244,5 |
| -текстил өндүрүшү | 90670,9 | 213540,7 | 74,0 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 24914,7 | 27930,8 | 100,9 |
| -.булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 246,9 | 250,0 | 100,9 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 14814,8 | 14410,6 | 100,2 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 14359,8 | 13978,1 | 100,2 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 455,0 | 432,5 | 94,8 |
| 4. Химия өндүрүшү | - | 129,0 | - |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 145140,2 | 188546,0 | 113,1 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 53096,7 | 127209,9 | 108,4 |
| 7. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 61209,7 | 66620,7 | 107,5 |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **420012,7** | **499862,7** | **118,1** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **88212,7** | **66024,9** | **114,3** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү**
**январь-июнь** (миң сом)

| | 2022 | 2023 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **2140342,2** | **2520342,7** | **117,5** | **130,3** |
| Электр энергиясыз | 1581299,8 | 2020480,0 | 116,3 | 130,8 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 69770,0 | 79760,6 | 113,4 | 105,2 |
| Кадамжай | 552470,6 | 790871,3 | 110,5 | 121,3 |
| Лейлек | 340320,5 | 306479,7 | 120,9 | 117,9 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 478683,3 | 567778,4 | 53,1 | 118,1 |
| Электр энергиясыз | 45708,9 | 53055,7 | 105,9 | 104,4 |
| Кызыл-Кыя | 283942,5 | 407612,8 | 181,6 | 246,6 |
| Сүлүктү | 276125,6 | 367839,9 | 109,9 | 107,6 |

Таблица 3. **Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү**

| | Өлчөө бирдиги | 2022 | 2023 | 2023ж. январь-июнь айлары 2022ж. январь-июнь айларына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | январь-июнь | | |
